Бүгүнкү күн эртеңкиге окшобойт
Өтсө өтөт убакыт эч токтобойт
Жакшыларым ар бир күндү **майрамдай**
Тосолучу бош койбой

Ачылат көктө асманың
Жайдары жүрсөң ар дайым
Коштосун ар бир күнүңдү
Баарыңа бакыт каалайын
Кайырма:

Жакшы күн жакшы күн
Бүгүн баарыбыз үчүн
Жакшы күн жакшы күн
Демек ойно ырда күл
Жакшы күн жакшы күн
Бүгүн бизде жакшы күн
Баардыгы эсте калчу күн

Күлкү менен нур чачырап жүзүңдөн
Бошот ичте муң кайгыны түйүлгөн
Жакшыларын жакшылыктар уланып
Коп болсун күндөр сүйүнгөн
Кубанып жүздоштүк бүгүн
Шаттанып жайдары күлүп
Коштосун ар бир күнүңдү
Баарыңа бакыт каалайын